**Расмий тилден мамлекеттик тилге которулган**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**

**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН**

Жаран Абдижалил Садыбакасович Эргешовдун
Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун
Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 17-апрелиндеги
№ 24о аныктамасына даттануусун канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө

# ТОКТОМУ

2014-жылдын 9-сентябры                                        Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын төмөнкү курамы: төрагалык кылуучу - судья М.Ш. Касымалиев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, Дж.М. Макешова, Э.Т. Мамыров, А.О. Нарынбекова, Э.Ж. Осконбаев, Ч.О. Осмонова, соттук отурумдун катчысы М.Э. Толобалдиевдин катышуусунда «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 5-бөлүгүн жетекчиликке алып, жаран А.С. Эргешовдун Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 17-апрелиндеги № 24о аныктамасына даттануусун

канааттандыруудан баш тартуу жөнүндө кайрылуусун соттук отурумда карап чыкты.

Даттануу боюнча соттук отурумга материалды даярдаган судья Э.Т. Мамыровдун билдирүүсүн угуп, келтирилген материалдарды изилдеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы

**Т А П Т Ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (андан ары – Конституциялык палатага) 2014-жылдын 27-мартында жаран А.С. Эргешовдун «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 1-бөлүгүн конституциялуу эмес жана Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 95-беренесинин 6-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө өтүнүч келип түшкөн.

Арыздануучу А.С. Эргешов белгиленген конституциялык Мыйзамдын көрсөтүлгөн ченемдери Конституциянын 95-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык келбейт жана анын конституциялык укуктары менен эркиндиктерин бузууда, анткени судьяларды жазык жоопкерчилигине тартуу үчүн Судьялар кеңешинин макулдугун алуу зарыл деп эсептейт.

Арыздануучунун пикири боюнча жазык ишин козгоо, маңызы боюнча, жазык жоопкерчилигине тартуу процессинин курамдык бөлүгү болуп саналат жана судьяга карата жазык ишин козгоо үчүн Судьялар кеңешинин макулдугу зарыл. Бирок, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 1-бөлүгү ушул сыяктуу талаптарды өзүндө камтыбайт.

Арыздануучу белгилегендей, Конституциялык палата 2013-жылдын 27-декабрындагы чечиминде судьяга карата жазык иштерин Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору гана козгой алат жана мындай нормативдик-укуктук орнотмо судьяга карата жазык ишин козгоо үчүн

негиздердин болгону же болбогону тууралуу юридикалык баа берүү укугу бар адамдар чөйрөсүн чектөө зарылдыгы менен шартталган деп көрсөткөн.

Ошону менен бирге, арызданууучу «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конститиуциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 1-бөлүгү бүтүндөй Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 95-беренесинин 6-пунктуна карама-каршы келүүсү таанылуу керек деп эсептейт.

Конституциялык палатанын Э.Т. Мамыровдун, А.О. Нарынбекованын, Ч.О. Осмонованын курамындагы судьялар коллегиясы жаран А.С. Эргешовдун кайрылуусун карап чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктун жетекчиликке алып, 2014-жылдын 17-апрелинде кийинкидей негиздер боюнча кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тарткан.

Конституциялык палата жаран Андрей Михайлович Мироновдун жарандар Кушчубай Култаевич Султановдун, Ташкан Жумабаевна Насированын кызыкчылыгындагы, Таалайбек Джапарович Саатовдун жаран Гулайым Абдыганиевна Эркебаеванын кызыкчылыгындагы, Закир Сатарович Максутовдун кайрылуулары боюнча «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүүнү жүргүзгөн жана 2013-жылдын 27-декабрындагы чечими менен Башкы прокурор тарабынан областтардын, Бишкек жана Ош шаарларынын прокурорлорунун статусунан төмөн эмес прокурорлорго судьяга карата жазык ишин козгоо ыйгарым укуктарын берген «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 1-бөлүгүнүн ченемдик жобосу конституциялуу эмес деп таанылган. Ал эми калган жагында көрсөтүлгөн конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 1-бөлүгү конституциялуу болуп саналат.

Кайрылууну өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуунун негиздеринин бири талашылып жаткан ченемге Конституциялык палата тарабынан укуктук баа берилип, актысы бар экендигин эске алып, судьялар коллегиясы «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 28-беренесинин 3-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык А.С. Эргешовдун кайрылуусун кабыл алуудан баш тарткан.

А.С. Эргешов судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 17-апрелиндеги № 24а аныктамасы менен макул болбостон, Конституциялык палатага даттануу менен кайрылган.

А.С. Эргешов өзүнүн даттануусунда Конституциялык палата анын кайрылуусун кабыл алуудан баш тартып, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүүнү жүргүзүп, аны жүйөлөштүрүп жооп берген деп көрсөтүүдө.

Бирок, арыздануучу Конституциянын 95-беренесинде судьяга карата жазык ишин козгоо тартиби каралбагандан кийин «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамда да судьяга карата, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Башкы прокурору тарабынан да жазык ишин козгоо тууралуу ченем болушу мүмкүн эмес деп эсептейт.

Конституциялык палата арыздануучунун датаануусун жана судьялар коллегиясынын А.С. Эргешовдун кайрылуусун кабыл алуудан баш тартуунун негиздерин изилдеп чыгып, кийинкидей тыянактарга келүүдө.

Конституциянын 95-беренесинин 6-бөлүгүнө ылайык Кыргыз Республикасынын бардык сотторунун судьяларын соттук тартипте салынуучу жазык жана административдик жоопкерчиликке тартуу конституциялык Мыйзамда аныкталган тартипте Судьялар кеңешинин макулдугу жол менен берилет. Мыйзам чыгаруучу бул конституциялык ченемди жүзөгө ашырууда «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинде көрсөтүлгөн

тартипти караштырган жана көрсөтүлгөн берененин 2-бөлүгүндө «жазык жоопкерчилигине тартуу» түшүнүктүн мазмунун ачуу жагында эркке ээ болуп, жазык жоопкерчилигине тартуу деген Конституциянын 95-беренесинде каралган конституциялык-укуктук орнотмолорго карама-каршы келбеген коюлуучу айып болуп саналаарын көрсөткөн. Ушуга байланыштуу, «жазык ишин козгоо» түшүнүгү жазык процессинин стадиясы болсо да «жазык жоопкерчилигине тартуу» деген түшүнүккө дал келбейт.

Белгилей кетүү керек, мыйзамдар Конституциянын көрсөтмөлөрүн өнүктүрүүдө. Ал ар кандай коомдук мамилелерди жөнгө салууда, ал анын жоболорунан келип чыгат. Адатта, Конституция анын жоболорун өнүктүргөн ченемдик-укуктук актылардын зарылдыгын карайт, аны Конституциянын 95-беренесинин 6-бөлүгүнүн мисалында көрсө болот.

Бул бөлүк үчүн жазык укугунун теориясында жыйынтыктоочу процесстик чечим менен бири биринен чектелген катуу ыраттуулукта өз алдынча жана бирин бири алмаштырган болуп жазык процессинин стадиялары каралат. Мында мыйзамда белгиленген тартипте айып коюу учуру адамды жазык жоопкерчилигине тартуунун башталышы катары бааланат.

Демек, эгер жазык ишин козгоо стадиясы болбосо, жазык жоопкерчилигине тартуу стадиясы да болушу мүмкүн эмес (мыйзамда белгиленген тартипте айыпты коюу), бул бардыгы сот жана мыйзам алдында бирдей деген конституциялык принциптин бузулушуна алып келиши мүмкүн (Конституциянын 16-беренесинин 3-бөлүгү).

Ушуга байланыштуу, «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 30-беренесинин 1-бөлүгүнүн конституциялуулугун текшерүүнү жүргүзгөн жана 2013-жылдын 27-декабрындагы чечими менен Башкы прокурор тарабынан областтардын, Бишкек жана Ош шаарларынын прокурорлорунун статусунан төмөн эмес прокурорлорго судьяга карата кылмыш ишин козгоо ыйгарым

укуктарын берген ченемдик жобосу гана конституциялуу эмес деп таанылган.

Ошентип, жаран А.С. Эргешовдун кайрылуусун кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө Конституциялык палатанын судьялар коллегиясынын 2014-жылдын 17-апрелиндеги № 24а аныктамасы негиздүү болгон жана Конституциялык палата анын жокко чыгаруу үчүн негиздерди тапкан жок.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 28-беренесинин 5-бөлүгүн, 51-беренесинин 1-бөлүгүн жетекчиликке алып, Конституциялык палата

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. «Жаран А. С. Эргешовдун «Кыргыз Республикасынын судьяларынын статусу жөнүндө» конституциялык Мыйзамдын 30-беренесинин 1-бөлүгүн текшерүү жөнүндө кайрылуусун өндүрүшкө кабыл алуудан баш тартуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын 2014-жылдын 17-апрелиндеги № 24о аныктамасына А.С. Эргешовдун даттануусу канааттандыруусуз калтырылсын.

2. Конституциялык палатанын ушул токтому акыркы жана даттанууга жатпайт.

3. Ушул токтом кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫ**